**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК - КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТҮП РАЙОНУ**
**КАРКЫРА**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК - КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТЮПСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**КАРКЫРА**

Каркыра айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылыштагы кезексиз сессиясы

**ТО К Т О М**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**28.11. 2023-ж № 66** **Талды-Суу айылы**

## Каркыра айыл аймагынын жайыт ресурстарын убактылуу пайдаланууга берүү жөнүндө

“Эко-Город-Каркыра” ЖЧКнун директору Л.В.Куценконун маалыматын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 13-беренесинин 1-пунктунун 2-подпунктунун негизинде жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө Мыйзамынын 4-беренесинин 1-пунктуна жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 13-сентябрындагы № 515 токтому менен бекиген “Жайыт ресурстары мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндө” типтүү жобонун 1-бөлүмүнүн 4-пунктунун 2.4-абзацтарында белгиленген талаптарына ылайык аймактын туризм багытын туруктуу өнүктүрүү максатында жарандардын эс алуу шарттарын уюштуруу үчүн ошону менен бирге аймактагы малчылардын пикирин эске алуу менен Каркыра айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Каркыра айыл аймагына караштуу “Чымынды-Сай” жана “Дөңгөлөк-Саз” жайлоосунан 1852,8 га жайыт жер аянты жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга Маданий, ден соолукту чыңдоочу, туристтик, спорттук жана эс алуу иш чараларын уюштуруу үчүн “Эко-Город-Каркыра” ЖЧКна 5 (беш) жылдык мөөнөткө ижара акысы 1-гектарына 700 сом өлчөмүндө жыл сайын төлөө менен пайдаланууга бөлүнүп берилсин.
2.Каркыра айыл аймагынын айыл өкмөтү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык “Эко-Город-Каркыра” ЖЧК менен ижара акысын көрсөтүү менен келишим түзүүгө, иш кагаздарынын мыйзам чегинде даярдалышына жана бөлүнүп берилип жакан жер аянты жеринен тактап бөлүп берүүгө толук жоопкерчиликти алууга милдеттендирилсин.
3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин айыл чарбасы жер жана жер казнасы боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **К.К.Тыйтаков**